Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2004-жылдын 3-февралындагы
N 53 токтому менен бекитилген

# Кесиптик орто, жогорку, кошумча жана жогорку окуу жайларынан кийинки билимдин документтери жөнүндө

## ЖОБО

1. Кесиптик орто, жогорку, кошумча жана жогорку окуу жайынан кийинки (мындан ары - окуу жайлар) билим документтери жөнүндөгү жобо (мындан ары - Жобо) кесиптик орто, кесиптик жогорку, кесиптик кошумча жана жождон кийинки билим жөнүндөгү документтердин (мындан ары - билим жөнүндө документтер) бедели (статусу) менен түрлөрүн, мазмунун, аларды даярдоонун жана үлгүсүн бекитүүнүн тартибин, алар менен окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн камсыз кылуусун белгилейт.

2. Билим жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документ анын ээсинин тарабынан негизги кесиптик билим программаларынын бирин өздөштүрүп, аны ийгиликтүү аяктагандыгын тастыктоочу мамлекеттик күбөлүк жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик мекемелерде, уюмдарда, ишканаларда белгилүү бир кызмат ордун ээлөөгө, кызмат акы (жана ага кошумча акы) алууга, ошондой эле андан ары билим алуу программасы боюнча окууну улантууга укук берүүчү негиз болуп эсептелет.

3. Медициналык жогорку же жогорку фармацевтикалык программалар боюнча окууну ийгиликтүү аяктагандарга кызмат орунду ээлөө үчүн жогорку билим жөнүндөгү дипломдон тышкары Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан белгиленген жождон кийинки алгачкы даярдыктан өткөндүгү жөнүндө сертификат (күбөлүк) негиз болуп эсептелет.

4. Кыргыз Республикасында тийиштүү деңгээлдеги билим алууну бүтүргөндүгүн күбөлөндүрүүчү төмөнкү документтер:

- адистик боюнча кесиптик орто билим жөнүндө диплом;

- багыт боюнча балалык жогорку билим (бакалавр) жөнүндө диплом;

- багыт боюнча толук жогорку билим (магистр) жөнүндө диплом;

- адистик же багыт боюнча кесиптик жогорку билим (адис) жөнүндө диплом;

- кесиптик кошумча билим жөнүндө (ырастама, күбөлүк, сертификат, диплом) документ;

- академиялык маалымат (справка);

- медициналык жана фармацевтикалык жогорку билим боюнча адистердин жождон кийинки алгачкы даярдоонун сертификаты (күбөлүгү);

- жождон кийинки кесиптик билим жөнүндө күбөлүк;

- илимдин кандидатынын диплому;

- илимдин докторунун диплому белгиленет.

5. Кыргыз Республикасында академиялык маалымкат менен сертификаттардан (күбөлүктөрдөн) башка кесиптик орто жана кесиптик жогорку билим жөнүндөгү документтердин бардык түрлөрү үчүн "жалпы үлгүдөгү" жана "артыкчылыгы менен" деген эки категориядагы дипломдор уюштурулат.

6. "Жалпы үлгүдөгү" жана "артыкчылыгы менен" деген дипломдорду берүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын билим жана маданият министрлиги тарабынан белгиленет.

7. Мамлекеттик үлгүдөгү билим жөнүндөгү документте анын ээси тарабынан алынган билимдин мазмуну менен сапытын, ченемдик жана иш жүзүндө окутуунун мөөнөттөрү менен квалификациясынын (академиялык даражасын), адистигин, багытын жана адистештирилишин, документтин ээсинин окуган окуу жайынын толук аталышын толук деңгээлде окшоштурууга (идентификациялоого) мүмкүндүк берүүчү маалыматтар болуусу керек.

8. Мамлекеттик үлгүдөгү билим жөнүндөгү документтер Кыргыз Республикасынын расмий символикасын (өлкөнүн аталышы, мамлекеттик герб) камтуусу керек. Билим жөнүндөгү мамлекеттик эмес үлгүдөгү документтерди даярдоодо Кыргыз Республикасынын расмий символикаларын пайдаланууга уруксат берилбейт.

9. Кесиптик орто жана кесиптик жогорку билим жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документтердин формасы Кыргыз Республикасынын билим жана маданият министрлиги тарабынан бекитилет.

10. Окумуштуулук даражалар менен наамдар жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документтер Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясы тарабынан бекитилет.

11. Мамлекеттик үлгүдөгү билим жөнүндөгү документтер кесиптик билим берүү программаларынын бири өздөштүргөн жана Кыргыз Республикасынын билим жана маданият министрлиги тарабынан белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөндөргө берилет.

12. Илимдин кандидаты же илимдин доктору деген дипломдор Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялоочу комиссиясы тарабынан белгиленген тартипте тийиштүү окумуштуулук даражаларды алуу үчүн диссертация жактагандарга берилет.

13. Эгерде, билим жөнүндөгү документтерди берүүнүн жана (же) мамлекеттик аттестацияны өткөрүүнүн тартиби окуу жайларынын күнөөсү боюнча бузулган болсо, бүтүрүүчүгө Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият

министрлиги тарабынан квалификация (академиялык даража) ыйгаруу жана мамлекеттик үлгүдө документ берүү жөнүндөгү мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын чечими жокко чыгарылат.

14. Илимдин кандидаты (доктору) деген окумуштуулук наамды жактоо боюнча адистештирилген Кеңештин чечими Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялоо комиссиясы жөнүндөгү жобо менен бекитилген тартипте Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялоо комиссиясы тарабынан жокко чыгарылышы мүмкүн.

15. Мамлекеттик үлгүдөгү кесиптик жогорку билим жөнүндөгү документтерди берүүгө тийиштүү багыт же адистик боюнча мамлекеттик аккредитациядан (аттестациядан) өтүшкөн кесиптик жогорку окуу жайлары гана укуктуу.

16. Мамлекеттик үлгүдөгү кесиптик орто билим жөнүндөгү документтерди берүүгө тийиштүү адистик боюнча мамлекеттик аттестациядан өткөн кесиптик орто билим берүүчү окуу жайлары гана укуктуу.

17. Билим жөнүндөгү документтер бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттестациялоонун жыйынтыктарына ылайык олуттуу талап коюу менен берилет.

18. Мамлекеттик аккредитациядан (аттестациядан) өтпөгөн окуу жайлары тарабынан берилген билим жөнүндөгү документтер мамлекетткк үлгүдөгү беделде (статуста) боло албайт.

19. Мамлекеттик аккредитациядан (аттестациядан) өтпөгөн окуу жайларында окугандар мамлекеттик үлгүдөгү билим жөнүндө документ берүүгө укуктуу окуу жайларында мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияда өзүнүн билим деңгээлин тастыктоого укуктуу. Бүтүрүүчүлөргө башка окуу жайларында мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өтүү укугун берүү тартиби Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият министрлиги тарабынан аныкталат.

20. Мамлекеттик үлгүдөгү билим жөнүндөгү документтер Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында жана билим жөнүндөгү документтерди өз ара таануу боюнча эл аралык келишимдер же макулдашуулар түзүлгөн өлкөлөрдө колдонууда болот.

21. Башка мамлекеттердин кесиптик жогорку, кесиптик орто окуу жайлары тарабынан берилген билим жөнүндөгү документтери Кыргыз Республикасынын аймагында таануу жөнүндөгү эл аралык тийиштүү келишимдердин же макулдашуулардын негизинде же окуу жайынын Кыргыз Республикасында аккредитациялоодон өткөндөн кийин таанылат.

22. Эл аралык келишимдер же макулдашуулар жок шартта чет өлкөлөрдүн билим жөнүндөгү айрым документтери алардын кесиптик билим деңгээлинин туура келишине Кыргыз Республикасынын билим жана маданият министрлиги тарабынан жекече (индивидуалдык) тартипте экспертиза жүргүзүлөт, аларды таануу жөнүндө маалымкат (справка) берилет.

23. Мамлекеттик үлгүдөгү билим жөнүндөгү документтер өзгөчө эсепке алынуучу документтерден болуп эсептелет, аларды даярдоо, сактоо жана таркатуу (берүү) Кыргыз Республикасынын персонификацияланган документтеринин

мамлекеттик каттоосун (реестрин) жүргүзүүгө жана тейлөөгө жооптуу мамлекеттик органдын прерогативасы болуп эсептелет.

24. Жогорку окуу жайынын филиалын же башка өз алдынча структуралык бөлүмдөрүн (юридикалык тарапты) бүтүрүүчүлөрдүн билим жөнүндөгү документтеринде филиалдын же структуралык бөлүмдүн жана алардын жайгашкан жери көрсөтүлөт.

25. Кесиптик жогорку, кесиптик орто окуу жайлары окугандардын билим программаларын өздөштүрүүнүн натыйжаларынын жекече (индивидуалдык) эсебин алууну жүргүзөт, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият министрлиги тарабынан белгиленген тартипте маалыматтарды кагаз жүзүндө же электрондук түрдө архивде сактоону ишке ашырышат.